Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
Кеңешинин
2024-жылдын ____________
№___________токтому менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө**

**ОТЧЕТ**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Конституциялык мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду (Борбордук аппарат, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду, Окуу борбору, аймактык башкармалыктары).

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) жетекчилиги Социалдык фонддун бюджетин жана фонддордун *(пенсиялык фонд, мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду, милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду)* каражаттарын башкаруу жана ыйгарым укуктарын ишке ашырууга жоопкерчилик тартат.

**Аудиттин милдети**

Биздин милдетке, биз жүргүзгөн аудит аркылуу Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерин) ылайык келүүсүнө өз алдынча жыйынтыкка келүү.

Бул аудит өзүнө чыгарган жыйынтыктарды тастыктоочу жетишээрлик жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбөө тобокелдигин баалоону кошо алганда, аудиттин пикирине көз каранды. Аткарылган аудитордук жол-жоболор тандоо жолу менен жүргүзүлгөндүктөн, аудит каталыктарды толук камтыбай калуу тобокелдигин өзүнө калтырат. Алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундуларга негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин түрү**: шайкештик аудити.

**Аудиттин предмети**

Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышын КР ченемдик укуктук актыларынын жана ички ченемдик документтердин талаптарына шайкештигин иликтөө аудиттин предмети болуп саналат.

Аудит тарабынан КР Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы, аудит объектисинин тышкы чөйрөсү, Социалдык фонддун КР Эсептөө палатасынын сунуштамаларын жана жазма буйруктарын аткарууну талдоо, маанилүүлүк деңгээлин аныктоо, аудитке жеткиликтүү болгон ченемдик укуктук актыларды, локалдуу актыларды жана башка отчетторду изилдөө жана талдоо, далилдерди чогултуу, анын ичинде: *бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы (кирешелер, чыгымдар, дефицит/профицит жана башкалар), Резервдик фонд, Өнүгүү фондунун түзүлүшү жана пайдаланылышы, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун түзүлүшү жана пайдаланылышы, пландалган максаттар боюнча жыйынтык көрсөткүчтөрүнө жетүү, Пенсиялык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу*

*фондунун, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун чыгымдарын каржылоонун камсыздалышы, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарындагы кыска мөөнөттүү депозиттерге убактылуу эркин каражаттардын жайгаштырылышы, мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздар менен операциялардын жүргүзүлүшү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен уруксат берилген активдерге пенсиялык топтомо каражаттардын жайгаштырылышы, бюджет аралык трансферттердин пайдаланылышы боюнча отчеттун берилиши, бөлүнгөн акча каражаттарынын пайдаланылышынын максаттуу мүнөзү жана башкалар талдоого алынды.*

## Аудиттин критерийлери

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө (киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен), Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө, Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө, Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө, Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө, Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдары ж.б.;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 648 Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө токтому;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жоболору;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясы, Социалдык фонддун эсептер планы жана бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча колдонмосу;

- Социалдык фондунун башкармасынын 2024-жылдын 24-мартындагы №10 токтому менен бекитилген КР Социалдык фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчету;

- Социалдык фонддун жана Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун (мындан ары – МТПФ) бюджетин аткаруу боюнча балансы, 2023-жылга административдик-башкаруу чыгымдарынын жана өнүктүрүү фондунун сметаларынын аткарылышы боюнча отчеттор;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 603 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө жобосу;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун башкармалыгынын 30.08.2022-жылдагы №71 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө", 29.07.2022-жылдагы №63 "Эмгек акыны төлөө шарттарын тартипке келтирүү жөнүндө", 24.05.2023-жылдагы №32 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө", 24.05.2023-жылдагы №33 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө" токтомдору;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Өнүктүрүү фонддун пайдалануу тартиби, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Резервдик фонду жөнүндө жобосу ж.б.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизди этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын баардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге дал келүүсүнө негизделген ишенимге келүү үчүн, ошондой түрдө аудитти жүргүзүү жана мерчемдөөнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит Социалдык фонддун ченемдик укуктук актыларын, ченемдик документтерин жана финансылык отчеттуулугун иликтеди.

Аудит бюджеттин аткарылышы ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлүп жаткандыгы жөнүндө корутундуларды тастыктаган жетиштүү жана тиешелүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто берилген корутундулар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыздоого жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**<u>Корутунду</u>**

Негизинен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы төмөнкү баяндалган жагдайларды эске албаганда, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге (аталган критерийлерге) шайкеш келет.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы боюнча**

Социалдык фондунун 2021-2022-жылдарга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктардын *"Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен биргеликте, республикалык бюджеттин эсебинен пенсияларды которуу жана жеткирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Бюджеттик*

*классификациясынын чыгымдар беренесин ачуу жана республикалык бюджеттин каражаттарынын пайдаланылышы боюнча туура жана так отчет үчүн, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдар беренеси менен көрсөтүлгөн республикалык бюджетте жана Социалдык фонддун ченемдик актыларында аларды көрсөтүү камсыздалсын*" жөнүндө 3 жана 6-пункттары <u>аткарылган эмес.</u>

Ушундай эле сунуш Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине дагы жолдонгон. Бирок, берилген сунуштама министрлик тарабынан аткарыла элек.

Сунуштаманын 1-пункту (2020-жылдагы берилген сунуштаманын 7-пункту) жарым жартылай аткарылган, тактап айтканда - "сот жана укук коргоо органдары менен күнөөлүү адамдардан сунушталган жана өткөрүлгөн буудай данынын наркын өндүрүү жана калыбына келтирүү (01.01.2021-жылга буудайдын наркы 51,4 млн. сом жана буудайды сатуудан түшкөн акчасын өз убагында кайтарбагандыгы үчүн туум 3,7 млн. сом) боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн" пункту боюнча берилген маалыматка ылайык бул багытта Социалдык фонддун аймактык башкармалыктары тарабынан Социалдык фонддун борбордук аппаратынын юридикалык башкармалыгынын адистери менен биргеликте иш алып барылып, 2023-жылы 1 740,0 миң сом суммасындагы карыз өндүрүлгөн жана 2023-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 52 976,6 миң сомду түзгөн жана бул багытта тийиштүү иштер жүрүүдө.

**Сунуш:** 2021-2022-жылдарга карата аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын 3 жана 6-пункттарынын толук аткарылышы камсыздалсын.

## Социалдык фонддун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы

### 1. <u>Бюджеттин киреше бөлүгү</u>

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык Социалдык фонддун 2023-жылга бюджети кирешелери 96 229,8 млн. сом суммасында жана чыгашалары 87 968,9 млн. сом суммасында, ал эми профицити 8 261,0 млн. сом өлчөмүндө бекитилген. «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюлджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамы менен Социалдык фонддун бюджетинин жалпы кирешелери 101 777,5 млн. сомго чейин, чыгашалар 90 719,3 млн. сом, ал эми профицит 11 058,2 млн. сомго чейин такталган.

Аныгында Социалдык фонддун жалпы чыгымдары 2023-жылы 90 297,4 млн. сомду түзгөн. Социалдык фонддун бюджетинин профицити 12 882,5 млн. сом.

(млн. сом)

| Көрсөткүчтөр / Аталышы | 2022-жыл дын бюджетин аткаруу. | 2023-жылга бекитилген бюджет | 2023-жылга такталган бюджет | 2023-жыл дын бюджетин аткаруу. | Такталган бюджетке карата | | 2022-жылдын бюджетинин аткарыл-на карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | +/-) | % | +/-) | % |
| **Бардык кирешелер** | **81 563,9** | **96 229,8** | **101 777,5** | **103 179,9** | **402,4** | **101,4** | **21 616,0** | **126,5** |
| *ИДПга карата%* | *8,9* | *10,4* | *9,4* | *8,4* | **-1,0** | **89,3** | | |
| Пенсиялык фонд | 74 493,1 | 88 723,7 | 93 232,7 | 94 266,0 | 1 033,3 | 101,1 | 19 772,9 | 26,5 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду | 2 914,3 | 3 109,8 | 3 499,1 | 3 803,4 | 304,3 | 108,7 | 889,1 | 130,5 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 3 695,8 | 3 910,1 | 4 490,4 | 4 548,5 | 58,1 | 101,3 | 852,7 | 123,1 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 460,7 | 486,2 | 555,3 | 562,0 | 6,7 | 101,2 | 101,3 | 122,0 |
| ***1.Камсыздандыруу төгүмдөрү, а. и.:*** | **51 592,6** | **54 485,8** | **62 878,0** | **63 964,0** | **1 086,0** | **101,7** | **12 371,4** | **124,0** |
| Пенсиялык фонд | 44 393,3 | 46 843,7 | 54 177,2 | 54 892,1 | 714,9 | 101,3 | 10 498,8 | 123,6 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду | 2 914,3 | 3 109,8 | 3 499,0 | 3 803,4 | 304,4 | 108,7 | 889,1 | 130,5 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 3 810,1 | 4 031,1 | 4 629,3 | 4 689,2 | 59,9 | 101,3 | 879,1 | 123,1 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 474,9 | 501,2 | 572,5 | 579,3 | 6,8 | 101,2 | 104,4 | 122,0 |
| ***2. Башка кирешелер*** | **619,0** | **387,3** | **1 110,6** | **1 426,9** | **316,3** | **128,5** | **807,9** | **230,5** |
| ***3. Республикалык бюджеттен түшкөнү, а. и.:*** | **29 352,3** | **41 356,8** | **37 789,0** | **37 789,0** | **0,0** | **100,0** | **8 436,7** | **128,7** |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 18 867,5 | 29 399,6 | 26 582,1 | 26 582,1 | 0,0 | 100,0 | 7 714,6 | 140,9 |
| Электр энергиясына компенсациялар | 2 009,8 | 2 063,0 | 2 000,2 | 2 000,2 | 0,0 | 100,0 | -9,6 | 99,5 |
| Аскер кызматчыларына пенсиялар | 4 078,6 | 4 450,4 | 4 143,8 | 4 143,8 | 0,0 | 100,0 | 65,2 | 101,6 |
| аскер кызматкерлерин камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку жөлөкпул | 125,4 | 194,3 | 61,0 | 61,0 | 0,0 | 100,0 | -64,4 | 48,6 |
| пенсиялар жана пенсияларга үстөктөр | 4 270,9 | 5 249,5 | 5 001,9 | 5 001,9 | 0,0 | 100,0 | 731,0 | 117,1 |
| **Бардык чыгашалар** | **71 181,8** | **87 968,8** | **90 719,3** | **90 297,4** | **-421,9** | **99,5** | **19 115,6** | **126,9** |
| *ИДПга карата %* | *7,7* | *9,5* | *8,4* | *7,3* | | | | |
| **Дефицит (-), профицит (+)** | **10 382,1** | **8 261,0** | **11 058,2** | **12 882,5** | **1 824,3** | **116,5** | **2 500,4** | **124,1** |

Көрүнүп тургандай, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджетинин жалпы кирешелери 103 179,9 млн. сомду түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 21 616,0 млн. сомго же 126,5 %га көбөйгөн. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун кирешелери бекитилген бюджетке салыштырмалуу 1 402,4 млн. сомго өскөн, ал эми чыгашалар 421,9 млн. сомго төмөндөгөн. Бюджеттин профицити 1 824,3 млн. сомго жогорулап 12 882,5 млн. сомду түзгөн. Республикалык бюджеттен болгон 270,8 млн. сом карызды эске алганда профициттин суммасы 12 611,7 млн. сомду түзөт.

Ошол эле учурда, ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин кирешеси бекитилген бюджетке салыштырмалуу 2,0 пункт, такталган бюджетке 1,0 пункт, ал эми 2022-жылдын аткарылышына карата 0,5 пунктка төмөндөп 8,4 %ды түзгөн.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 2023-жылы 62 878,0 млн. сом суммасында пландалган. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү 63 964,0 млн. сомду же пландан 101,7%ды түзгөн. 2022-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрү 124,0% га же 12 371,4 млн. сомго өскөн.

2022-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өсүшү биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 95 «Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө» Жарлыгына ылайык 2022-жылдын 1-апрелинен жана 1-августунан баштап бюджет чөйрөсүндө иштеген кызматкерлердин эмгек акысынын эки этап менен жогорулашы жана юридикалык жактардан камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнүн өсүшү менен шартталган.

- Төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү боюнча толук маалымат *№ 1 Тиркемеде.*
- Камсыздандыруу фонддору боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү боюнча толук маалымат *№ 2 Тиркемеде.*
- Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар боюнча толук маалымат *№ 3 Тиркемеде.*
- Башка кирешелердин түшүүсү боюнча маалымат *№ 4 Тиркемеде.*
- Социалдык фондго таандык ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер боюнча толук маалымат *№ 5 Тиркемеде.*
- Социалдык фонддун мамлекеттик баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүүсү боюнча толук маалымат *№ 6 Тиркемеде.*
- Бош каражаттарды банктардагы кыска мөөнөттүү депозиттерге жайгаштыруу боюнча толук маалымат *№ 7 Тиркемеде.*
- Убактылуу бош каражаттарды банктык депозиттерге жайгаштыруу боюнча толук маалымат *№ 8 Тиркемеде.*

## 2. Бюджеттин чыгаша бөлүгү

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык Социалдык фонддун 2023-жылга бюджетинин чыгымдары 87 968,9 млн. сом суммасында бекитилген.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы менен такталган чыгымдар 90 719,3 млн. сомду түзгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары 90 297,4 млн. сомду түзүп, же такталган планга карата аткарылышы 99,5% түзгөн. 2022-жылга салыштырмалуу бюджеттин чыгымдары 19 115,6 млн. сомго же 126,9% га көбөйгөн. Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары ИДПнын көлөмүнө карата 7,3 % ды түзгөн.

(млн.сом)

| Көрсөткүчтөр / Аталышы | 2022-жыл (аткаруу) | 2023-жыл | | 2022-жылга карата 2023-жыл | | 2023-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | такталган бюджет | аткаруу | +/- | % | +/- | % |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | | 7 | 8 |
| **Чыгымдар** | **71 181,8** | **90 719,3** | **90 297,4** | **19 115,6** | **126,9** | **-421,9** | **99,5** |
| ИДПга % | 7,7 | 8,4 | 7,3 | | | | |
| Пенсиялык фонд боюнча, анын ичинде: | **64 210,2** | **81 780,5** | **81 054,3** | **16 844,0** | **126,2** | **-726,3** | **99,1** |
| ИДПга % | 7,0 | 7,6 | 6,6 | | | | |
| *пенсия жана жөлөкпулдар* | 62 815,4 | 79 925,2 | 79 290,6 | 16 475,1 | 126,2 | -634,6 | 99,2 |
| *пенсия жана жөлөкпулдарды чектөө жана жеткирүү боюнча чыгымдар* | 340,4 | 425,4 | 422,5 | 82,2 | 124,1 | -2,9 | 99,3 |
| *Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары* | 12,7 | 15,5 | 14,9 | 2,2 | 117,7 | -0,6 | 96,4 |
| *административдик чыгымдар* | 986,3 | 1 086,0 | 1 024,6 | 38,3 | 103,9 | -61,4 | 94,3 |
| *резервдик фонд* | 2,0 | 2,0 | 2,0 | -0,0 | 100,0 | -0,0 | 100,0 |
| *өнүктүрүү фонду* | 49,1 | 322,1 | 295,3 | 246,2 | 601,6 | -26,8 | 91,7 |
| *мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө* | 4,3 | 4,3 | 4,3 | -0,0 | 100,0 | 0,0 | 100,0 |
| **Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча** | **3 541,6** | **4 701,5** | **4 701,5** | **1 160,0** | **132,8** | **0,0** | **100,0** |
| **Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фонду боюнча** | **515,8** | **738,2** | **738,2** | **222,5** | **143,1** | **0,0** | **100,0** |
| **Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд боюнча** | **2 914,3** | **3 499,1** | **3 803,4** | **889,2** | **130,5** | **304,4** | **108,7** |

Көрүнүп тургандай, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун чыгашалары 90 297,4 млн.сомду түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу 19 115,6 млн. сомго же 126,5 %га аткарылган. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун чыгашалары такталган бюджетке салыштырмалуу 421,9 млн. сомго төмөндөп, 99,5% түзгөн.

Ошондой эле, ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин чыгашалары такталган бюджетке салыштырмалуу 1,1 пункт, ал эми 2022-жылдын аткарылышына карата 0,4 пунктка төмөндөп 7,3 %ды түзгөн.

- **Пенсиялык фонддун чыгымдары**

Пенсиялык фонддун чыгымдары такталган планда 81 780,5 млн. сом болсо, анығында 81 054,3 млн. сом суммасында же 99,1%га аткарылган, 2022-жылга салыштырмалуу өсүш 16 844,0 млн. сомду түзүп (2022-жылы – 64 210,2 млн. сом), пенсионерлердин санынын жыл сайын өсүшү жана пенсия төлөмдөрүнүн жогорулашы менен шартталган.

Пенсиялык фонддун чыгымдары такталган бюджетке салыштырмалуу 726,3 млн. сомго аз.

Такталган бюджет бекитилген бюджетке салыштырмалуу 1 317,8 млн. сомго көбөйгөн (бекитилген бюджет – 80 462,7 млн. сом) жана 81 780,5 млн. сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата пенсионерлердин саны 769,5 миң адамды, республика боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 9 188 сомду түзгөн. Пенсиялык фонддун чыгымдары боюнча толук маалымат *№ 9 Тиркемеде.*

- Пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү жана которуу боюнча чыгымдар жана Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары боюнча маалымат *№ 10 Тиркемеде.*
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоо боюнча маалымат *№ 11 Тиркемеде.*
- Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондунун каржыланышы боюнча маалымат *№ 12 Тиркемеде.*
- Социалдык фонддун Резервдик фонду боюнча маалымат *№ 13 Тиркемеде.*
- Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду боюнча боюнча маалымат отчеттун 9 пунктунда жана *№ 14 Тиркемесинде.*
- Пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү 2022-2023-жылдарга маалыматы *№ 15 Тиркемеде.*
- ЕАЭБге мүчө мамлекеттеринин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо боюнча маалымат *№ 16 Тиркемеде.*
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча маалымат *№ 17 Тиркемеде.*

## 1. Административдик-башкаруу чыгымдары боюнча

### 1.1. Эмгек акы, штаттык бирдик боюнча

**Аныктама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 3-пунктунун 2- пунктчасынын 3- абзацына ылайык “*белгиленген тапшырмаларды жана*

*кызматтык милдеттерди сапаттуу аткаргандыгы,* ***ченемге салынбаган жумуш күнү*** *үчүн негизги маянасына ай сайын 30 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк төлөө"* деп белгиленген. Ошол эле учурда, аталган пункт менен пунктчасынын 5-абзацында *"****ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн*** *айдоочу катары иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн негизги маянасынын 25 пайызына чейинки өлчөмдө үстөк"* деп, дагы каралган.

Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында жүргүзүлгөн аудит, башкармалыктардын айдоочуларына ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн бир эле учурда жогоруда көрсөтүлгөн эки үстөк акы тең төлөнүп жаткандыгын көрсөттү. Мындан улам, 14 аймактык башкармалыктарында ченемге салынбаган жумуш убактысы үчүн айдоочуларга аудит мезгил аралыгында жалпы 1 760,8 миң сом үстөк төлөнүп берилген, анын ичинен *токтомдун 2-пунктунун 4-абзацына ылайык* 30% үстөк акы - 1 276,4 миң сом, ал эми 2-пунктунун 6-абзацына ылайык 25% үстөк акы – 484,4 миң сом.

Буга кошумча токтомдун 3-пунктунун 2- пунктчасынын 5- абзацынын колдонууда анын талаптары бузулуп, айдоочулардын иш жүзүндө ченемден ашык иштеген убактысынын эсеби жүргүзүлбөйт жана натыйжада 484,4 миң сом (социалдык фондго чегерүүлөр - 83,6 миң сом) үстөк акы негизсиз төлөнүп берилген.

Социалдык фонддун башкармалыктары боюнча бул багытта алынган маалыматтарга ылайык он жети (17) башкармалыкта үстөктөр төлөнбөйт, жыйырмасында (20) *белгиленген тапшырмаларды жана кызматтык милдеттерди сапаттуу аткаргандыгы, ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн негизги маянасына үстөк (30%) төлөнсө*, экөөсүндө (2) *ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн айдоочу катары иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн негизги маянасынын 25%*, ал эми он төртүндө (14) эки үстөк бирдей төлөнүп келген.

Ички аудит башкармалыгы 14 штаттык бирдиктен туруп, 2023-жыл үчүн бекитилген иш планына ылайык 53 объект киргизилип, берилген маалыматка ылайык 42 аймактык башкармалыкта текшерүүлөр, анын ичинен 2 текшерүү атайын изилдөө жүргүзүлгөн. Ички аудит башкармалыгынын текшерүүлөрүнүн жыйынтыгы менен жалпы 9 507,7 миң сом тартип бузуулар табылып, *анын ичинен 707,4 миң сому финансылык (7,4%), 6 184,0 миң сому пенсия чектөө бөлүмү (65,1%), 2 480,6 миң сому пенсия төлөө бөлүмү (26,1%), ал эми 135,7 миң сому «Кыргыз почтасы» ААК (1,4%) күнөөсү менен ашыкча төлөөлөрү* болуп эсептелет. Калыбына келтирилген сумма 5 660,6 миң сомду түзгөн.

Ошол эле учурда, башкармалыктын кызматкерлерине 2023-жыл ичинде 11 609,0 миң сом өлчөмүндө эмгек акысы эсептелип, Социалдык фондго чегерүүлөрдүн суммасы 1 700,2 миң сом, ал эми иш сапарлары үчүн чыгымдар 2 806,8 миң сом, жалпысынан чыгымдар 16 116,0 миң сомду түзгөн.

Аныкталган тартип бузуулардын суммасы менен башкармалыктын ишин уюштурууга коротулган чыгымдардын айырмасы 6 608,0 миң сом (11 616-9 507,7), ал эми калыбына келтирилген сумма менен айырма 10 455,4 миң сомду (11 616-5 660,6) түзгөн. Башка көрсөткүчтөрдү эске албаганда, тартип бузууларды аныктоолордун суммасы башкармалыкты кармоого кеткен

чыгымдардын 59,0%, ал эми калыбына келтирилген сумма 35,1% гана түзөт.

Берилген маалыматка ылайык аудиттерди жүргүзүүгө жалпысынан 1 094 киши/күнү сарпталган. Убакыттын негизги бөлүгү, жеринен пенсиялык иштерди, бухгалтердик документтерди изилдөөгө коротулат. Аудит, башкармалыкта бухгалтердик эсептин, пенсия чектөөнүн материалдарын иш сапарга чыкпай туруп *(электрондук докумет алмашуу, пенсия чектөө, төлөө башкармалыгындагы маалыматтар)* алдын ала изилдеп, иш сапардын мөөнөтүн кыйла кыскартуу мүмкүнчүлүгү бар деп эсептейт. Учурдагы аудит аталган башкармалыктын ишин оптималдаштыруу, кызматтык жүктөмдөрдү туура бөлүштүрүү менен, чыгымдарды жана штаттык бирдиктерди кыскартуу мүмкүн деп эсептейт.

Штаттык ырааттамага ылайык Пенсия төлөө башкармалыгы 41 штаттык бирдик жана Пенсия чектөө жана кайра эсептөө башкармалыгы 42 штаттык бирдиктен турат. Аталган башкармалыктар пенсия чектөө, төлөмдөрдү ишке ашыруу боюнча негизги жүктү алып барышат. Бирок, ошол эле учурда аймактык башкармалыктарда ушундай эле аталыштагы бөлүмдөр бар болуп, милдеттери негизинен жогорудагы башкармалыктар менен бирдей.

Социалдык фонддо пенсияларды чектөө, аларды кайра эсептөө жана төлөөлөр борборлоштурулган тартипте аталган башкармалыктар аркылуу ишке ашырылат. Калыптанган тартипке ылайык пенсияга чыгуучу жарандардын арыздары, тиешелүү документтери аймактык пенсия чектөө бөлүмдөрү аркылуу кабыл алынып, маалыматтык системага киргизилет да, андан ары пенсиялык делолору пенсияны чектөө үчүн почта аркылуу Пенсия чектөө жана кайра эсептөө башкармалыгына жолдонот. Пенсия чектелген соң делолор почта аркылуу тиешелүү аймактык башкармалыктарга андан ары сактоо үчүн кайрадан кайтарылат.

Пенсиялык делолордун *аймактык башкармалыктар-борбордук аппарат-аймактык башкармалыктар* схемасы боюнча кыймылы почта аркылуу ишке ашыруусу кошумча убакытты жана каражатты талап кылат.

**Корутунду:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 3-пунктунун 2- пунктчасынын 3 жана 5 абзацтарында “*ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн негизги маянасына ай сайын 30 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк төлөө” жана* “*ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн айдоочу катары иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн негизги маянасынын 25 пайызына чейинки өлчөмдө үстөк”* деген ченем кайталанып каралган.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун (2-пунктунун 6-абзацы) талаптары бузулуп,

айдоочулардын иш жүзүндө ченемден ашык иштеген убактысынын эсеби жүргүзүлбөстөн **484,4 миң сомго** (социалдык фондго чегерүүлөр - 83,6 миң сом) негизги маянага үстөк акы негизсиз төлөнгөн.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык негизги маянага үстөк Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында бирдей тартипте колдонулган эмес.

4. Ички аудит башкармалыктын ишин оптималдаштыруу, кызматтык жүктөмдөрдү туура бөлүштүрүү менен, чыгымдарды жана штаттык бирдиктерди кыскартуу мүмкүн.

5. Пенсияларды чектөө, төлөмдөрдү жүргүзүү Социалдык фонддун борбордук аппаратынын түзүмүндөгү Пенсия төлөө (41 штаттык бирдик) жана Пенсия чектөө жана кайра эсептөө (42 штаттык бирдик) башкармалыктары аркылуу ишке ашырылат, бирок, ошол эле учурда аймактык башкармалыктарда ушундай эле аталыштагы милдеттери негизинен жогорудагы башкармалыктар менен бирдей бөлүмдөр бар.

**Сунуштама:** *Социалдык фондго:*

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун 2 - пунктунун 4-абзацында, ошол эле учурда аталган пункттун 6-абзацында кайталанган ченемдердин негиздүүлүгү, тууралыгы боюнча маселе Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен биргеликте каралсын.

2. Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында айдоочуларга иш жүзүндө ченемден ашык иштеген убактысынын эсеби жүргүзүлбөстөн (Социалдык фондго чегерүүлөр - 83,6 миң сом) негизги маянага 484,4 миң сомго үстөктүн негизсиз төлөмдүн жүргүзүлгөнүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун ченемдери Социалдык фонддун аймактык башкармалыктары тарабынан бирдей тартипте колдонуусу камсыздалсын.

4. Аудиттин отчетунда чагылдырылган талдоонун жыйынтыгын кароо жана эске алуу менен, ички аудит башкармалыгынын ишине тийиштүү талдоо жүргүзүү жана штаттык бирдиктерин оптималдаштыруу маселеси каралсын.

5. Социалдык фонддун Пенсия төлөө, Пенсия чектөө жана кайра эсептөө башкармалыктарынын жана Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында ушундай эле аталыштагы бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин функционалдык милдеттерине, жумуштун жүктөмүнө,

алардын маалымат алмашуусуна талдоо жүргүзүү менен, аларды күтүүгө кеткен чыгымдарды эске алып, штаттык бирдиктерин жана документ алмашуунун механизмдерин оптималдаштыруу каралсын.

**1.2 Аныктама:**

Берилген маалыматка ылайык Социалдык фонддун кырк беш аймактык башкармалыктарында жалпы 93 күзөтчү штаттык бирдиги каралып, аларга Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97- беренесинин *“Түнкү убактагы жумуш деп кечки 22 сааттан эртең мененки саат 6 га чейинки мезгил эсептелет”*, ал эми 169-беренесинин “*Түнкү убактагы жумуштун ар бир саатына эмгек акы жогорулатылган өлчөмдө, бирок бир жарым эседен кем эмес төлөнөт”* деген талаптарын сактабастан аудит мезгил аралыгында түнкү убактагы 8 сааттык жумуш ордуна жумуштун 24 сааттык күндүзгү жана түнкү мезгилдерин камтып, 50% өлчөмүндө жогорулатылган эмгек акылары төлөнгөн.

Тактап айтканда, негизинен күзөтчүлөргө окладына (11 968 сом) 50% өлчөмүндө же 5 984 сом жогорулатылган эмгек акы төлөнгөн. Жогорулатылган эмгек акы окладдын суммасынан алынат. Түнкү убактагы жумуш деп кечки 22 сааттан эртең мененки саат 6 га чейинки мезгил эсептелгендигин эске алсак, анда жогорулатылган эмгек акы түнкү деп эсептелген 8 сааттык мезгилге, башкача айтканда бир айга 1 992 сом өлчөмүндөгү эмгек акы эсептелүүсү шарт.

Мындан улам, эсеп менен 1 күзөтчүгө бир айда 3 992 сом, бир жылда 43 912 сом, ал эми 93 күзөтчүгө аудит мезгил аралыгында 4 788,2 миң сом (анын ичинде социалдык фондго чегерүүлөр - 704,4 миң сом) ашыкча төлөнгөн.

**Корутунду:** Социалдык фонддун кырк беш аймактык башкармалыктарында жалпы 93 күзөтчү штаттык бирдигине Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97, 169-беренелери сакталбастан аудит мезгил аралыгында түнкү убактагы жумушка эмгек акы жогорулатылган өлчөмдө, же **4 788,2 миң сомго** ашыкча төлөнгөн.

**Сунуштама:** *Социалдык фондго:* Социалдык фонддун аймактык башкармалыктарында жалпы 93 күзөтчү штаттык бирдигине Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97, 169-беренелери сакталбастан, аудит мезгил аралыгында түнкү убактагы жумушка эмгек акыны жогорулатуу менен 4 788,2 миң сомго ашыкча жүргүзүлгөн төлөмдөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**1.3. Аныктама:**

Кызматкерлердин штаттык ченемдик түзүмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун талаптары төмөнкү Социалдык фонддун райондук башкармалыктарында сакталбаган:

- *Чаткал райондук башкармалыгында* аталган токтомго ылайык (4-тиркемеси) 4 бирдик башкы адистин ордуна 5 бирдик бекитилген, ал эми 3 жетектөөчү адис болуш керек болсо штаттык бирдикте 2 жетектөөчү адис бекитилген.

- *Лейлек райондук башкармалыгында* аталган токтомго ылайык (4-тиркемеси) жетекчилик курамы жана башкы адистердин ашыкча, ал эми жетектөөчү адис жана адистен кем бекитилген.

- *Кадамжай райондук башкармалыгында* башкы адис 1 штат бирдикке кем берилген, ал эми адис 1 штат бирдикке ашык бекитилген.

- *Ноокат райондук башкармалыгында* жетекчилик курамы, токтомдун негизинде 6 штат бирдиги бекитиле турган болсо 5 штат бирдиги бекитилген, ал эми башкы адис 8 штаттык бирдикке туура келсе, анык берилген штаттык бирдик 7 штаттык бирдикти түзүп 1 штат бирдиги кем берилген, ал эми адис 4 штат бирдиги бекитиле турган болсо аныгында 5 штат бирдиги бекитилген.

- *Кара-Суу райондук башкармалыгында* жетекчилик курамы, токтомдун негизинде 8 штат бирдиги бекитиле турган болсо 5 штат бирдиги бекилген, ал эми башкы адис 11 штатык бирдикке туура келсе анык берилген штаттык бирдик 10 штаттык бирдикти түзүп 1 штат бирдиги кем берилген, жетектөөчү адис 11 штатык бирдикке туура келсе, анык берилген штаттык бирдик 13 штаттык бирдикти түзүп 2 штат бирдиги ашыкча бекитилген.

**Корутунду:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун талаптары сакталбастан, Социалдык фонддун райондук башкармалыктарында кызматкерлердин штаттык ченемдик түзүмү түзүлгөн.

**Сунуштама:**

1. *Чаткал, Лейлек, Кадамжай, Ноокат, Кара-Суу райондук башкармалыктары:* штаттык ырааттама Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун 4-тиркемесинин талаптарына ылайык келтирилсин.

**2. <u>Иш сапар чыгымдары боюнча</u>**

**2.1. Аныктама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйруктары менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жоболордун 107 жана 108 пункттарында көрсөтүлгөн “*кызматкерлерди Кыргыз Республикасынын аймагына кызматтык иш сапарга жөнөтүү, иш сапардык күбөлүктү (Форма Т-10) тариздөө менен, бюджеттик мекеменин жетекчисинин буйругунун негизинде жана иш сапардык күбөлүк – кызматкердин кызматтык иш сапарда жүрүү убактысын жана ордун тастыктоочу документ”* деген талаптары сакталбастан, кээ бир учурларда күбөлүктө кызматкердин иш сапарда болгондугун, иш сапардын

убактысын жана ордун күбөлөндүргөн белгилери (мөөр, жооптуу адамдын колу) коюлбай авансалык отчеттор тапшырылат.

*Социалдык фондунун Окуу борборунда* Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына караштуу “Автотранспорт ишканасы” мамлекеттик мекемеси менен транспорттук кызмат көрсөтүүгө 2023-жылдын 15-сентябрындагы №10 келишим түзүлгөн. Келишимдин негизинде 29,2 миң сом аталган мекемеге которулуп берилген, бул сумма кызмат көрсөтүү 2211 “Иш сапар чыгымдары” беренеси аркылуу чыгымдалган, көрсөтүлгөн кызмат 2215 “Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуулар” беренеси менен сатылып алынышы керек болчу.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптары так аткарылбай негизсиз жана иш сапар чыгымдардын тастыктоочу документтердин (кассалык чектер) дал келбестиктери менен чыгымдар жүргүзүлгөн: - *Ала-Бука райондук башкармалыгында* - 1,2 миң сомго, *Таш-Көмүр шаардык башкармалыгында* - 2,8 миң сомго.

**Корутунду:**

1. Иш сапар чыгымдары боюнча авансылык отчетторду кабыл алуу бухгалтердик эсепте так жүргүзүлгөн эмес.

2. **29,2 миң сомго** транспорттук кызматын сатып алуу чыгымдары 2211 “Иш сапар чыгымдары” беренеси аркылуу чыгымдалышы Бюджеттик классификацияга туура келбейт.

3. Аймактык башкармалыктарда иш сапар чыгымдары негизсиз жана иш сапар чыгымдарынын тастыктоочу документтеринин (кассалык чектер) дал келбестиктери менен **4,0 миң сомго** жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** *Социалдык фондго:*

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобонун иш сапар күбөлүктөрүн толтуруу бөлүгүндөгү талаптарын так аткаруу камсыздалсын.

2. Кызмат көрсөтүүнү сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын негизинде жүргүзүлсүн жана максатсыз чыгымдарга жол берилбесин.

3. *Ала-Бука райондук башкармалыгы жана Таш-Көмүр шаардык башкармалыгы:* - 1,2 миң сомго негизсиз төлөнүп берилген иш сапар чыгымдары жана 2,8 миң сом суммасында дал келбестиктер калыбына келтирилсин.

## 3. Курулуш иштери боюнча

### 3.1. Аныктама:

*Түп райондук башкармалыгында* “Түп райондук башкармалыгынын имаратын жана кеңселерин капиталдык оңдоодон өткөрүү” (атайын өздүк каражаттарынын эсебинен) боюнча аткарылган иштердин (подрядчы “ДубайСтройКомпани” ЖЧКсы) актысында курулуш монтаж иштеринин

көлөмүн жогорулатуу **47,0 миң сомду** түздү.

**Сунуштама:** подрядчы “ДубайСтройКомпани” ЖЧКсы тарабынан “Түп райондук Социалдык фонд башкармалыгынын имаратын жана кеңселерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө” 47,0 миң сомго жогорулатылган курулуш иштеринин көлөмү калыбына келтирилсин.

**4. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча**

**4.1. Аныктама:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин талаптарын сакталбастан, 256,0 миң сом суммасында сатып алуулардын жол-жоболору өткөрүлбөй сатып алуу жүргүзүлгөн, анын ичинде: *Борбордук аппаратында* – 36,0 миң сом, *Социалдык фонддун Окуу борборунда* - 220,0 миң сом.

*Манас райондук башкармалыгында* "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 4-пунктунун “сатып алуу боюнча комиссия кеминде үч адамдан турууга тийиш, алардын бири мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө сертификатталган адис болууга тийиш”,- деп белгиленген талаптарын бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларда сертификатталган адис катышкан эмес.

**Корутунду:**

1. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренеси жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин талаптары сакталбастан, сатып алуулар жол-жоболору өткөрүлбөй **256,0 миң сомго** сатып алуу жүргүзүлгөн.

2. *Манас райондук башкармалыгында* "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 4-пунктунун талаптарын бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларда сертификатталган адис катышкан эмес.

**Сунуштама:** *Социалдык фондго:*

1. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мамлекеттик сатып алууларда сертификатталган адистин катышуусу камсыздалсын.

2. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы сакталбастан, сатып алуулардын жол-жоболору өткөрүлбөй товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**5. Дебитордук карыздар боюнча**

**5.1. Аныктама:**

2023-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун эсеби боюнча

юридикалык жана жеке жактарга буудай данын берүү боюнча 54 716,6 миң сом суммасында дебитордук карыз туумду эске алуу менен эсептелген.

Бул багытта аймактык башкармалыктар тарабынан Социалдык фонддун борбордук аппаратынын юридикалык башкармалыгынын адистери менен биргеликте иш алып барылып 2023-жылы 1 740,0 миң сом суммасында карыз өндүрүлгөн жана 2023-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 52 976,6 миң сомду түзгөн. Бул багытта тийиштүү иштер жүрүүдө.

Ошол эле учурда, Социалдык фонддун райондук башкармалыктарында жогорудагы көрсөтүлгөн маселеге тиешелүү жана башка мөөнөтү өткөн өндүрүлбөгөн дебитордук карыздар төмөнкүдөй:

- *Ысык-Ата райондук башкармалыгында* – 10 279,4 миң сом (шифер боюнча “ПАКС” ЧПКСтан - 3485,8 мин сом жана “РИЗА” ТООФдан - 573,8 миң сом "Бейиш" РПи ЦИКтен - 3832,2 мин сом, "Кадамир" ЖЧК - туум үчүн - 484,3 миң сом Ысык-Ата РСФБдан жана жеке ишкер К.Джумагуловдон - 22,7 мин сом).

- *Сокулук райондук башкармалыгында* – 7 202,1 миң сом (буудай боюнча “Декаданс- Трейд” ЖЧКнан - 5476,4 мин сом жана “Центурион - Трейд Компани” ЖЧКнан - 1725,7 миң сом).

- *Москва райондук башкармалыгында* – 2 023,6 мин сом (ун боюнча "Пул" ЖЧКнан - 591,6 мин сом жана буудай боюнча "Декаданс-Трейд" ЖЧКнан - 1432,0 мин сом).

- *Панфилов райондук башкармалыгында* – 15 534,1 миң сом (“Хен Тун” ЖЧКнан - 7268,9 миң сом, “Гумус” ЖЧКнан - 3066,2 миң сом, жеке ишкер И.Н. Сулиевден - 5199,0 миң сом).

- *Жайыл райондук башкармалыгында* - 4806,7 миң сом (буудай боюнча “Хен Тун” ЖЧКнан - 4531,7 мин сом жана “Мейман” дыйкан чарбасынан - 275,0 миң сом).

- *Социалдык фондунун Чүй-Токмок райондук башкармалыгында* – 23447,6 миң сом (буудай боюнча “Спай харбор” ЖЧКнан - 6900,0 миң сом, “Агромир” ЖЧКнан - 2162,6 миң сом, жеке ишкер И.Турдубаевтен - 14385 миң сом).

- *Бакай-Ата райондук башкармалыгында* - 1,9 миң сом.

- *Каракол шаардык башкармалыгында* - 4162,9 миң сом (буудайды сергитүү боюнча “Нур” ЖЧКсынан).

- *Айтматов райондук башкармалыгында* - 5139,5 миң сом (дыйкан чарбалары боюнча – 1111,7 миң сом, Социалдык фондунун ички аудитинин 2015-жылы 14-октябрында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча мекеменин бухгалтери 4027,7 миң сомду өзүнө ыйгарып алгандыгы).

- *Талас райондук башкармалыгында* - 3165,3 миң сомду (2001-2008-ж.). Мындан тышкары, 2016-жылы баланстын 341500 эсебине 417,1 миң сом жана 341900 эсебине 131,7 миң сом туура эмес түшүп калган каражаттар (белгисиз бирөөлөрдөн камсыздоо төлөөнүн счетуна түшкөн каражаттар), жалпы мурунку жылдардан бери келе жаткан 548,8 миң сом кредитордук карыз аныкталган.

**Корутунду:**

1. Социалдык фонддун райондук башкармалыктарында мөөнөтү өткөн өндүрүлбөгөн дебитордук карыздар боюнча карызды өндүрүү жана калыбына келтирүү боюнча жетишээрлик деңгээлде иштер жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту

жүргүзүү боюнча" жобонун 309-318-пункттарынын талаптарын сактоо менен, өндүрүлбөгөн карыздар боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**6. <u>Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө чыгымдары боюнча</u>**

**6.1. Аныктама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-Б жана 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйруктары менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык, пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча чыгымдар 2711 "Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар" беренеси боюнча, ал эми аларды жеткирүү жана которуу боюнча банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө чыгымдары 2226 "Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөгө чыгымдар" беренеси боюнча жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 56-беренесине ылайык, республикалык бюджеттен Социалдык фондго бөлүнгөн каражаттар максаттуу багыты боюнча гана пайдаланылат.

Бирок, 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 56-беренесине, 76-беренесинин 7-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына шайкеш келбестен, 204 618,7 миң сом суммасында пенсия жана жөлөкпул төлөмдөрүн которуу, жеткирүү үчүн "Кыргызпочтасы" Мамлекеттик ишканасынын жана коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө республикалык бюджеттен Бюджеттик классификациянын 2711 "Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар" беренеси боюнча чыгымдалган.

**Корутунду:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 56-беренесине, 76-беренесинин 7-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына шайкеш келбестен, 2023-жылы республикалык бюджеттен **204 618,7 миң сом** суммасында пенсия жана жөлөкпул төлөмдөрүн которуу, жеткирүү үчүн "Кыргызпочтасы" МИнин жана коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгымдар Бюджеттик классификациянын 2711 "Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар" беренеси боюнча чыгымдалган.

*Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Социалдык фондунун 2021-2022- жылдарга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларга шайкеш келбестик боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Социалдык фондуна республикалык бюджеттин эсебинен пенсия жана жөлөкпул төлөмдөрүн жеткирүү, которуу боюнча чыгымдарды республикалык бюджеттин ченемдик укуктук актыларында чагылдырууну жана тийиштүү беренесин ченемдик укуктук актыларга киргизүүнү камсыз кылуу боюнча жазма буйрук жана сунуштамалар жөнөтүлгөн. Бирок, аталган жазма буйрук жана сунуштамалар аткарылган эмес.*

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2024-жылдын 15-августундагы чечимине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларга шайкеш келбестик боюнча маалымат жөнөтүлдү.

### 7. Бухгалтердик эсептин жүргүзүлүшү боюнча

**7.1. Аныктама**:

*Алай жана Чоң-Алай райондук башкармалыктарында* Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун негизинде отчеттуу адамдарга берилген каражаттар боюнча өз убагында эсеп жүргүзүү толук сакталган эмес.

*Каракол шаардык башкармалыгында* КР Социалдык фондунун башкаруу органынын 2022-жылдын 19-апрелиндеги №37 токтому менен бекитилген “Счеттордун планы жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бухгалтердик эсебин жүргүзүү боюнча” Колдонмосуна ылайык, капиталдык оңдоп түзөө жумуштарына кеткен чыгымдар капитализацияланып активдин баланстык наркына кошулуш керек деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, 2023-жылдын 10-июлундагы №9 келишимдин негизинде “Башка имараттарды капиталдык оңдоо” 3111-беренесинен “Салават Сервис” ЖЧКсы аркылуу башкармалыктын жылытуу системасына капиталдык оңдоп түзөө жумуштары 861,5 миң сомго жүргүзүлүп, бул сумманын ичинен 1,9 миң сомго гана имараттын аммортизациясын азайтуу жолу менен капитализацияланган. Жыйынтыгында, капиталдык оңдоп түзөө жумуштарына чыгымдалган **859,6 миң сомго** имараттын баланстык наркы көбөйтүлгөн эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлүп калыбына келтирилген.*

Мындан тышкары, 2024-жылдын 1-январына карата отчеттук балансында материалдык баалуулуктар катары 1224,5 миң сомго эски тегирмен катталган. 2005-жылдын 7-июнундагы Социалдык фонддун Ысык-Көл областык башкармалыгы менен “Golden Wool” ЖЧКсынын ортосунда буудайды сергитүү боюнча келишим түзүлүп, “Golden Wool” ЖЧКсына жалпы суммасы 1305,5 миң сомго баасы 5,7 сомдон 214828 кг азык-түлүк буудайы сактоого берилген. Аудит учурунда “Golden Wool” ЖЧКсы тарабынан карыз толук кайтарылган эмес. Карызды өндүрүү боюнча башкармалык тарабынан бир нече жолу сотко берилип, акыркы Ысык-Көл областынын райондор аралык сотунун 2015-жылдын 18-мартындагы №ЭД-20/09-МИ иши боюнча күрөө келишиминин негизинде күрөөгө коюлган тегирмен 765,9 миң сомго бааланып, калган 539,6 миң сом акча каражатын өндүрүү боюнча чечим чыккан.

Бирок, “Фермер-2А” тегирмени жабдуулары менен Каракол шаардык башкармалыгы тарабынан балanска 1224,5 миң сомго кабыл алынган, жыйынтыгында, тегирмендин баланстык баасы **458,6 миң сомго** жогорулатылган. Мындан тышкары, “Golden Wool” ЖЧКсынын **539,6 миң сомду** түзгөн карыз дебитордук карыз катары эсепте чагылдырылган эмес. *Аудит учурунда тегирмендин баасын 458,6 миң сомго азайтуу жана 539,6 миң*

*сомго дебитордук карызды балансКа кабыл алуу боюнча тийиштүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп бухгалтердик эсепте калыбына келтирилди.*

*Түп райондук башкармалыгында* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторундагы каржылык отчеттуулукту уюштуруу боюнча” жобонун талаптарын бузууга жол берилген, мында 2023-жылы жалпы суммасы 2 465,0 миң сомго башкармалыктын имаратынын фасады жана биринчи кабатынын кеңселерине капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн, бирок, аталган капиталдык оңдоо иштерине кеткен чыгымдар капитализация болгон эмес, б.а. имараттын наркы **2 465,0 миң сомго** көбөйтүлгөн эмес.

**Корутунду:**

1. Аймактык башкармалыктарда “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун негизинде отчеттуу адамдарга берилген каражаттар боюнча өз убагында эсеп жүргүзүү толук сакталган эмес.

2. Каракол шаардык башкармалыгында капиталдык оңдоп түзөө жумуштарына чыгымдалган 859,6 миң сомго имараттын баланстык наркы көбөйтүлгөн эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлүп калыбына келтирилген.*

3. Каракол шаардык башкармалыгында тегирмендин баланстык баасы 458,6 миң сомго жогорулатылган жана 539,6 миң сомго дебитордук карыз бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес. *Аудит учурунда тийиштүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп бухгалтердик эсепте калыбына келтирилди.*

4. Түп райондук башкармалыгында капиталдык оңдоо иштерине кеткен чыгымдарга капитализация жүргүзүлбөй имараттын наркы 2 465,0 миң сомго көбөйтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

1. *Райондук башкармалыктары:* Бухгалтердик эсеп нормативдик ченемдик актыларга жана нормативдик ички документтерге ылайык жүргүзүлүүсү камсыздалсын.

2. *Каракол шаардык башкармалыгы:* 539,6 миң сомго дебитордук карыз боюнча тийиштүү чара көрүлсүн.

3. *Түп райондук башкармалыгы:* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторундагы каржылык отчеттуулуктарды уюштуруу боюнча” жобонун талаптарына ылайык, капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн имараттын наркы 2 465,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

## 8. Социалдык фонддун маалыматтык тутуму боюнча

**8.1. Аныктама:**

Социалдык фонд өз ишмердигинде 2010-жылы эксплутацияга кабыл алынган “eLeed” автоматташтырылган башкаруу маалыматтык тутумун

колдонуп келет. “eLeed” бул Социалдык фонддун жалпы жана топтомо пенсиялык тутумдары бөлүгүндө төмөндөгү тапшырмаларды аткаруу үчүн негизги ишмердүүлүгүн башкарууну жана эсепке алууну автоматташтыруу жана оптималдаштыруу:

1. “Кирешелерди жана түшүүлөрдү эсепке алуу”.
2. “Жекече эсепке алуу”.
3. “Топтомо пенсиялык фонд жана башкаруучу компаниялар”.
4. “Пенсия чектөө жана кайра эсептөө”.
5. “Төлөмдөрдү эсепке алуу”.

“eLeed” маалыматтык башкаруу тутуму төлөөчүлөрдү жана пенсионерлерди каттоо жана эсепке алуу, төлөмдөрдү чектөө жана башка операциялар үчүн монолиттүү автоматташтыруу тутуму болуп эсептелет. Тутумдун программассынын тили, технологиясынын эскиргендиги жана программаны коштоочу адистердин жоктугу тутумду жакшыртууну, анын ичинде чоң көлөмдөгү маалыматтарды иштеп чыгууну татаалдатат. Аталган программа аркылуу Социалдык фонд 13 мамлекеттик орган, анын ичинде КРнын Финансы жана Юстиция министрликтери, Мамлекеттик салык жана каттоо кызматтары, Соттук департамент ж.б. менен кызматташат. Программанын өзгөчөлүгүнө, анын тутумунун каталарына байланыштуу синхрондоштурууда техникалык кыйынчылыктар орун алган.

Мындан сырткары, маалыматтык инфраструктура маалыматтар базасы менен бир нече башкармалыктар бир учурда иштегенге мүмкүнчүлүк бербейт. Социалдык фонд менен аймактык башкармалыктардын ортосунда маалымат алмашуу, отчетторду берүү/кабыл алууну синхрондоштуруу жай жүрөт, бул пенсияларды өз убагында чектөөнү татаалдатат. Программада төлөмдөр толук автоматташтырылбагандыгына байланыштуу банктык эсептер кол менен киргизилет, бул өз учурунда процессти жай иштетип, тобокелдиктерди пайда кылат, ушундай эле төлөмдөрдүн кармап калууларынын тизмесин түзүү да кол менен ишке ашырылат.

Пенсияларды кайра эсептөөдө кездешип жаткан каталар Социалдык фонд жана анын аймактык башкармалыктарынын ортосундагы синхрондоштуруу өз учурунда жүрбөгөндүгүнүнө байланыштуу кээ бир учурларда аймактык башкармалыктардын пенсионерлердин стаждары жөнүндө маалыматтар 2 жумага чейин кечигип келет. Ал эми, айрым башкармалыктарда акыркы ай үчүн камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча маалыматтар жок болуп калган учурлар кездешет.

Жекече эсепке алуу жарым жартылай автоматташтырылгандыгына байланыштуу жекече эсепке алуу, пенсияны чектөө жана кайра эсептөө, пенсияны төлөө жана финансылык эсепке алуу башкармалыктарынын ортосунда маалымат алмашууну кыйындатат. Синхрондоштуруунун жеткиликтүү болбогондугу белгилүү мезгил аралыктарына керектүү отчеттордун толук камсыздалбашына алып келип, талдоонун жана көзөмөлдүн сапатына таасирин тийгизет.

Натыйжада, маалыматтык тутумдун кемчиликтери Социалдык фондду кошумча ресурстарды пайдаланууга (адам, каржы, убакыт) дуушар кылып,

пенсионерлердин саны жыл сайын өсүп жаткандыгын эске алганда, тутумдун иштөөсү мындан да жай иштеп калуусу жана пенсиялардын өз убагында жана туура төлөнбөй калуу тобокелдигин жаратат.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 106 - беренесинин 10-пунктуна ылайык *бирдиктүү казыналык эсептен тышкары турган, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирбестен бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсептерине которулууга тийиш, жана* аталган берененин 11-пунктунун *тиешелүү бюджеттин кирешесине чегерилбеген бюджеттер аралык трансферттердин каражаттарынын пайдаланылбаган калдыктары алар берилген бюджеттин кирешесине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте жана жалпы талаптарды сактоо менен өндүрүп алынууга тийиш* деген талаптары сакталбастан, 2023-жылга республикалык бюджеттен каржылануучу (ассигнование) төлөмдөрдүн **270 778,3 миң сомду** түзгөн пайдаланылбаган калдыгы Социалдык фонддун эсебинде турган. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин № 86489 кабарлоо күбөлүгү менен 2024-жылдын 20-мартында гана республикалык бюджеттин трансферттеринин эсебинен жогорудагы суммага кыскартылган.

Өз ара эсептешүүлөрдү такташуу болгону эки ирет, же Социалдык фонддун биринчи жарым жылдык үчүн жана жылдык отчетторунун жыйынтыгы менен гана ишке ашырылат, анткени республикалык бюджеттен каржыланган төлөмдөрдүн түрлөрү боюнча жыл ичинде толук, туура жана ыкчам маалыматты үзгүлтүксүз алуу мүмкүнчүлүгү жок.

Жогоруда белгиленгендей, Социалдык фонд 2012-жылдан бери колдонуп келе жаткан “eLeed” программасы республикалык бюджеттен каржыланган төлөмдөрдүн түрлөрү боюнча жыл ичинде толук, туура жана ыкчам маалыматты үзгүлтүксүз алуу талабына жооп бербейт.

**Корутунду:**

1. “eLeed” автоматташтырылган башкаруу маалыматтык тутумдун кемчиликтери пенсия төлөмдөрүнүн өз убагында жана туура төлөнбөй калуу тобокелдигин жаратат, ошондой эле маалыматтык тутумдун жакшыртуусу, толук кандуу иштеши республикалык бюджеттин каражаттарынын пайдаланылбаган калдыктарынын өз учурунда кайтарылышын камсыздамак.

**Сунуштама:** *Социалдык фондго:*

1. Колдонуудагы “eLeed” маалыматтык тутумунун ишин талаптагыдай жакшыртууну, же ишмердигинин азыркы учурдагы жана келечектеги

муктаждыктарына жооп берген жана башка мамлекеттик органдар менен кызматташууну толук кандуу камсыз кылган жаңы маалыматтык тутумду пайдаланууга киргизүү маселеси каралсын.

**9. <u>Социалдык фондунун Өнүктүрүү фонду боюнча</u>**

**9.1. Аныктама:**

Социалдык фондунун 2022-жылга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун

Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын негизги бөлүгүн материалдык-техникалык базаны чыңдоого милдетүү багыттоону аныктоо кайра каралсын деп көрсөтүлгөн. Бирок, 2023-жылы дагы чыгымдар сметасында бул багытта каражат каралган эмес.

Аудит мезгил аралыгында Өнүктүрүү фондунун каражаттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №408 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун 4 пунктуна ылайык, негизинен Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоочу кеңештин 2023-жылдын 17-майындагы чечими менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Өнүктүрүү фондун пайдалануу тартиби жөнүндө" жобонун 14 пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлердин эмгек акысына кызматтык маянанын 50% ашпаган өлчөмдө ай сайын дем берүүчү жана транспорт чыгымдары үчүн 2 000 сом жана тамак-аш үчүн 5 000 сом өлчөмүндө ай сайын компенсациялык төлөмдөргө багытталган.

**Корутунду:**

1. "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Өнүктүрүү фондун пайдалануу тартиби жөнүндө" жободо көрсөтүлгөндөй фонддун каражаттарынын негизги бөлүгү материалдык-техникалык базаны чыңдоого милдетүү багыттоо 2023-жылы чыгымдар сметасында каралган эмес, же Социалдык фондунун 2022-жылга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча берилген сунуштама эске алынган эмес.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору П.С.Батировдун жетекчилигинде, башкы мамлекеттик инспектор С.Д. Зулуев (аудит тобунун жетекчиси) жана мамлекеттик инспекторлор, К.С. Зайналов, Б.К. Парпиев, А.А. Суранбаева, Э. Акимжанов, А. Абдрахманов жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн мамлекеттик инспекторлору тарабынан жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору П.С. Батиров**

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетине
караштуу Кыргыз
Республикасынын Социалдык
фондунун 2023-жылга
бюджетинин аткарылышына
жүргүзүлгөн аудит жөнүндө
Отчетуна

*№1 Тиркеме*

## Төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү

(млн. сом)

| Көрсөткүчтөр / Аталышы | 2022-жылга аткар. | 2023-жылга бюджет | 2023-жылга аткар. | 2023 – жыл/2022-жыл | | 2023-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | (+/-) | % | (+/-) | % |
| Юридикалык жактар | 49 621,0 | 60 849,9 | 61 502,9 | 653,0 | 101,1 | 11 881,9 | 123,9 |
| Дыйкан-фермердик чарбалар | 261,9 | 262,9 | 273,8 | 10,9 | 104,2 | 11,9 | 104,6 |
| Жеке ишкерлер | 1 709,7 | 1 765,2 | 2 187,3 | 422,1 | 123,9 | 477,6 | 127,9 |
| **Бардыгы:** | **51 592,6** | **62 878,0** | **63 964,0** | **1 086,0** | **101,7** | **12 371,4** | **124,0** |

*№ 2 Тиркеме*

## Фонддор боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү

Камсыздандыруу фонддору боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү төмөндөгүдөй:

-Пенсиялык фонд боюнча –54 892,0 млн. сом, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча – 4 689,2 млн. сом, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча – 579,3 млн. сом, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча – 3 803,4 млн. сом.

Анык пенсиялык фонддон пенсияларды төлөө жана башка төлөмдөр 96 376,1 млн.сомду түздү.

Анык Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоо – 4 702,7 млн. сомду, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо – 581,2 млн. сомду түзгөн.

2022-жылдын аткаруусу, бекитилген жана такталган бюджет, талдоолор боюнча маалымат төмөндө.

(млн. сом)

| Көрсөткүчтөр / Аталышы | **Аткаруу** (2022-ж.) | **Бекитилген бюджет** (2023-ж.) | **Такталган бюджет** (2023-ж.) | **Такталган бюджетке карата** (2023-ж.) | | **2022-ж. карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **(+/-)** | **%** | **(+/-)** | **%** |
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү, бардыгы** | **51 592,6** | **54 485,8** | **62 878,0** | **1 086,0** | **101,7** | **12 371,4** | **124,0** |
| Пенсиялык фонд | 44 393,3 | 46 843,7 | 54 177,2 | 714,9 | 101,3 | 10 498,8 | 123,6 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду | 2 914,3 | 3 109,8 | 3 499,0 | 304,4 | 108,7 | 889,1 | 130,5 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонд | 3 810,1 | 4 031,1 | 4 629,3 | 59,9 | 101,3 | 879,1 | 123,1 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 474,9 | 501,2 | 572,5 | 6,8 | 101,2 | 104,4 | 122,0 |

*№ 3 Тиркеме*

## Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар

(млн.сом)

| Көрсөткүчтөр / Аталышы | **Аткаруу** (2022-ж.) | **2023-жыл** | | | **2022-жылга карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Бекитилген бюджет | Такталган бюджет | Аткаруу | **+/-** | **%** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 18 867,5 | 29 399,6 | 26 582,1 | 26 582,1 | 7 714,6 | 140,9 |
| Электр энергиясы үчүн компенсациялар | 2 009,8 | 2 063,0 | 2 000,2 | 2 000,2 | -9,6 | 99,5 |
| Аскер кызматчыларына пенсиялар | 4 078,6 | 4 450,4 | 4 143,8 | 4 143,8 | 65,2 | 101,6 |
| Аскер кызматкерлерине бир жолку жөлөкпул | 125,4 | 194,3 | 61,0 | 61,0 | -64,4 | 48,6 |
| Пенсиялар жана пенсияларга үстөктөр | 4 270,9 | 5 249,5 | 5 001,9 | 5 001,9 | 731,0 | 117,1 |
| **Бардыгы** | **29 352,3** | **41 356,8** | **37 789,0** | **37 789,0** | **8 436,7** | **128,7** |

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамына ылайык Социалдык фондго 37 789,0 млн. сом трансферттер каралган, бул 2022-жылга (29 352,3 млн. сом) караганда 8 436,7 млн. сомго көп. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн 37 789,0 млн. сом каражат толук өлчөмдө келип түшкөн.

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын көбөйүшү пенсиянын базалык бөлүгүнүн белгиленген өлчөмүнүн өсүшүнө, пенсионерлердин санын көбөйүшүнө жана макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшүнө байланыштуу.

Республикалык бюджеттен трансферттер боюнча бюджеттин аткарылышы 37 789,0 млн. сомго барабар болуп, анык төлөмү 37 518,2 млн. сомду түзгөн. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен 2024-жылдын 20-мартында түзүлгөн салыштыруу актысына ылайык, пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы 270,8 млн. сом.

*№ 4 Тиркеме*

**Башка кирешелердин түшүүсү**

Башка кирешелер боюнча 2023-жылдга жыйынтыгы боюнча планда 1 110,6 млн. сом каралса анык түшкөн 1 426,9 млн. сомду түзүп, же пландан 316,3 млн. сомго (128,5%) көп.

Булактардын түрлөрү боюнча башка кирешелердин түшүүсү төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

(млн. сом)

| **Көрсөткүчтөр** / **Аталышы** | **Аткаруу** (2022-ж.) | **Бекитилген бюджет** (2023-ж.) | **Аткаруу** (2022-ж.) | **2023-ж./2022-ж.** | | **2023-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **Бардыгы, анын ичинде:** | **619,0** | **1 110,6** | **1 426,9** | **807,9** | **230,5** | **316,3** | **128,5** |
| Ишкананын акциялары боюнча дивиденддер | 119,4 | 146,4 | 146,4 | 27,0 | 122,6 | 0,0 | 100,0 |
| Убактылуу бош акча каражаттарын МБК жайгаштыруудан түшкөн кирешелер | 92,1 | 272,3 | 272,3 | 180,2 | 295,7 | 0,0 | 100,0 |
| Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес которгондугу үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 174,0 | 280,0 | 422,8 | 248,8 | 243,0 | 142,8 | 151,0 |
| Эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына кошуп эсептелинген пайыздар | 214,9 | 405,0 | 560,3 | 345,4 | 260,7 | 155,3 | 138,3 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылуучу суммалар | 8,2 | 2,0 | 2,9 | -5,3 | 35,4 | 0,9 | 145,0 |
| Регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүлөрдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 7,4 | 2,8 | 10,7 | 3,3 | 144,6 | 7,9 | 382,1 |
| Социалдык фонддун башка кирешелери | 3,0 | 2,0 | 11,4 | 8,4 | 380,0 | 9,4 | 570,0 |

Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес которгондугу үчүн эсептелген туумдар жана айыптар, Социалдык фонддун эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына кошуп эсептелген пайыздар, пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылуучу суммалар боюнча сезилерлик, же 151,0 %, 138,3 % жана 145,0% чейин өсүү байкалат.

*№ 5 Тиркеме*

**Социалдык фондго таандык ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер**

Социалдык фонд Кыргыз Республикасынын Президентинин 1998-жылдын 26-февралындагы № 42 жана 1998-жылдын 12-декабрындагы № 377 жарлыктарына ылайык алынган акционердик коомдордун акцияларына ээ.

Социалдык фонд 2024-жылдын 1-январына карата 8 иштеп жаткан акционердик коомдун номиналдык баасы 1 162,9 млн. сом болгон акцияларына ээлик кылат.

8 акционердик коомдун ишинин жыйынтыгы боюнча 2023-жылы 146,4 млн. сом суммасында дивиденддер эсептелген.

Аудит мезгил аралыгында дивиденддер эки акционердик коомдон жалпы 146,4 млн. сом суммасында келип түшкөн, алар:

-Манас» эл аралык аэропорту» ААК - 112,8 млн. сом;

-Кыргызнефтегаз» ААК - 33,6 млн. сом.

Алты акционердик коом боюнча акционерлердин жылдык жалпы чогулуштарынын чечимдерине ылайык алардын чыгашалуулугуна байланыштуу дивиденддер чегерилген эмес, анын ичинде, «Электр станциялар» ААК, «Кыргызстан улуттук электр тармагы» ААК, «Кыргызтелеком» ААК, «Учкун» ААК, «БМЗ» ААК, «Антибиотик» ААК.

*№ 6 Тиркеме*

**Социалдык фонддун мамлекеттик баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүүсү (МБК)**

143100 “Мамлекеттик баалуу кагаздар” эсеби боюнча Пенсиялык фонддун жана капиталдаштыруу фондунун 2023-жылдын 1-январына карата бош акча каражаттарынын эсебинен сатылып алынган МБК сумманын калдыгы боюнча 1 993,6 млн.сомду түзөт.

2023-жылы мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алууга Пенсиялык фонддун жана капиталдаштыруу фондунун 1 700,0 млн. сом суммасындагы акча каражаттары жайгаштырылган, кирешелүүлүгү орточо 16,3%.

Пенсиялык фонддун жана капиталдаштыруу фондунун бош акча каражаттарынын эсебинен сатып алынган мамлекеттик баалуу кагаздардын суммасынын калдыгы 2024-жылдын 1-январына карата 3 693,6 млн. сомду түзөт.

2023-жылы мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштыруудан жалпы 272,3 млн. сом. суммада киреше алынган.

*№ 7 Тиркеме*

**Бош каражаттарды банктардагы кыска мөөнөттүү депозиттерге жайгаштыруу боюнча:** КР Бюджеттик кодексинин 76-беренесинин 4-пунктуна ылайык кирешелерди алуу максатында Социалдык фонд убактылуу бош каражаттарды коммерциялык банктардагы кыска мөөнөттүү депозиттерге жайгаштырат. 2023-жылы Социалдык фонд тарабынан банк мекемелерине кыска мөөнөттүү депозиттерге бош каражаттарды жайгаштыруу орун алган эмес.

Социалдык фонд тарабынан банк мекемелериндеги каражаттардын күнүмдүк калдыктарына 2,8% түрүндө 560,3 млн. сом суммасында киреше алынган.

*№ 8 Тиркеме*

**Убактылуу бош каражаттарды банктык депозиттерге жайгаштыруу боюнча:** 2023-жылы убактылуу бош каражаттарды банктык депозиттерге жайгаштыруу боюнча 52 депозиттик аукцион өткөрүлгөн, алардын ичинен 21 депозиттик аукцион катышуучулардын жоктугунан же саны жетишсиздигинен улам өткөрүлгөн жок деп табылган. Өткөрүлгөн депозиттик аукциондордун жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын депозиттерине 5 630 591,8 миң сом пенсиялык топтоолор жайгаштырылган, андан мурда жайгаштырылган депозиттерди эске алуу менен 709 030,0 миң сом суммасында киреше алынган.

Мында коммерциялык банктар тарабынан депозиттерге жайгаштырууга алынган билдирмелердин акча каражаты 10 994 000,0 миң сомду түзгөн.

*№ 9 Тиркеме*

## Пенсиялык фонддун чыгымдары

Пенсиялык фонддун чыгымдары такталган планда 81 780,5 млн. сом болсо, аныгында 81 054,3 млн. сом суммасында, же 99,1%га аткарылган, 2022-жылга салыштырмалуу өсүш 16 844,0 млн. сомду түзүп (2022-жылы – 64 210,2 млн. сом), пенсинерлердин санынын жыл сайын өсүшү жана пенсиялардын жогорулашы менен шартталган.

Пенсиялык фонддун чыгымдары такталган бюджетке салыштырмалуу 726,3 млн. сомго аз, анын ичинде:

*-электр энергиясы үчүн компенсацияларды эске алганда пенсиялар – 599,6 млн. сом;*

*-аскер кызматчыларынын пенсиялары жана аскер кызматчыларын камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул – 28,5 млн. сом;*

*-административдик-башкаруу чыгымдары –61,4млн. сом ж. б.*

Такталган бюджет бекитилген бюджетке салыштырмалуу 1 317,8 млн. сомго көбөйгөн (бекитилген бюджет – 80 462,7 млн. сом) жана 81 780,5 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 26-сентябрындагы № 504 «2023-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо жөнүндө» токтому кабыл алынган, ага ылайык пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрү отуз миң сомго чейинки пенсиялар үчүн 38 %га, бирок 500 (беш жүз) сомдон кем эмес көбөйтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-январындагы № 3 токтомуна ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып мөөнөттүү кызматтагы солдаттардын жана матростордун ичинен аскер кызматчыларына майыптыгы боюнча пенсиянын минималдуу өлчөмү 6 300 сом өлчөмүндө белгиленген.

Мындан тышкары, Чернобыль АЭСиндеги жана жарандык же аскердик багыттагы башка атомдук объекттердеги авариянын кесепеттерин жоюуга катышуучулардын пенсияларына төмөнкүдөй өлчөмдөрдө компенсациялык төлөөлөр белгиленген:

*1) пенсиясынын өлчөмү 6 300 сомдон ашкан адамдарга – 1 000 сом;*

*2) пенсиясынын өлчөмү 6 300 сомго жетпеген адамдарга – 6 300 сом менен алган пенсиясынын өлчөмүнүн ортосундагы айырма катары аныкталган, бирок 1 000 сомдон кем эмес өлчөмдө.*

2024-жылдын 1-январына карата пенсионерлердин саны 769,5 миң адамды, республика боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 9 188 сомду түздү.

*№ 10 Тиркеме*

**Пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү жана которуу боюнча чыгымдар жана Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары**

Социалдык фонддун эсептерин тейлөө боюнча чыгымдар 14,9 млн. сомду түздү.

Пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү жана которуу боюнча чыгымдар 422,5 млн. сомду, анын ичинде «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасы тарабынан пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү боюнча чыгымдар – 220,1 млн. сом, банк аркылуу 161,5 млн. сомду түздү.

*№ 11 Тиркеме*

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоо**

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары-ММКФ) кирешелеринин пландык параметрлери 3 910,1 млн.сомго бекитилген жана 4 490,4 млн. сом суммасында такталган.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамында ММКФ каржылоого 4 701,5 млн. сом каралып, 4 701,5 млн. сом толугу менен каржыланып берилген.

2023-жылдын 31-декабрына Социалдык фонддун ММКФ алдындагы карызы 58,1 млн. сомду түзгөн. (2024-жылдын 5-мартындагы өз ара эсетешүү боюнча салыштырма актысы). Бул карыз Социалдык фонддун 2024-жылга бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүүдө эске алынууга тийиш.

*№ 12 Тиркеме*

**Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондунун каржыланышы**

2023-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондуна (мындан ары-ЭДЧФ) карызы 183,0 млн. сомду түзгөн.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык 486,2 млн. сом суммасында кирешелер боюнча пландык параметр бекитилген жана 555,3 млн. сомго такталган.

Чыгымдар 486,2 млн. сом суммасында бекитилген жана өткөн жылдардагы карыздарды эсепке алуу менен 738,2 млн. сом суммасында такталып, толугу менен каржыланган. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-декабрындагы №720 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 22-ноябрындагы ПЖ № 319 "Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо боюнча иш-чараларды натыйжалуу башкаруу боюнча чараларды көрүү жөнүндө" жарлыгына ылайык Социалдык фонд ЭДЧФ камсыздандыруу төгүмдөрүнүн топтолгон каражаттарын толугу менен каржылаган.

2024-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун ЭДФнан карызы 6,7 млн. сомду түздү.

*№ 13 Тиркеме*

**Социалдык фонддун Резервдик фонду**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Резервдик фонддун каражаттары пенсия, сөөк коюу (көмүү) жөлөк пулун төлөөгө ж.б., Социалдык фондунун финансылык туруктуулугун камсыздоого багытталган.

Резервдик фонддун 2023-жылдын башындагы калдыгы 1 521 758,2 миң сомду түзгөн. Резервдик фонддун 2023-жылга кирешелери 432 642,6 миң сомду түздү, анын ичинде эсептешүү эсептердеги же коммерциялык банктардын мөөнөттүү депозиттериндеги (мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонду боюнча каражаттардан башкасы) акча каражаттардын күнүмдүк калдыктарына пайыз түрүндө эсептелген каражаттан – 167 824,7 миң сом, баалуу кагаздардан түшкөн кирешелерден – 264 817,9 миң сом.

2023- жылдын жалпы чыгымдарынын суммасы 1 842 202,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде күнүмдүк калдыктардан пайыз түрүндө эсептелген каражаттарын Социалдык фондунун Башкармасынын 2023-жылдын 24-майынын №29 токтомунун негизинде өнүктүрүү фондунун эсеп счетуна которулду – 138 108,2 миң сом, кайрымдуулук жардам көрсөтүлдү – 1 950,0 миң сом, 2023-жылдын 18-сентябрындагы №63 Социалдык фондунун Башкармасынын токтомунун негизинде Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын топтоо счетуна – 2 144,5 миң сом акча каражаттары которулду, Социалдык фондунун Башкармасынын 2023-жылдын 17-ноябрындагы №76 токтомунун негизинде – 1 699 999,7 миң сомго баалуу кагаздары сатып алынды.

Резервдик фонддун 2024-жылдын 1-январына карата калдыгы 112 198,4 миң сомду түзөт.

*№ 14 Тиркеме*

## Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду

КР Бюджеттик кодексинин 37-беренесинин 3-пунктуна ылайык Социалдык фонддун бюджетинин кирешелерине камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес которгондугу үчүн туумдар жана айыптар кирет.

Төмөндө, Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунун 2023-жылга каражаттарын пайдаланууну мүнөздөгөн таблица келтирилген.

(млн. сом)

| Берене | Аталышы | 2023-жылга бюджет | Кассалык чыгымдар | Накталай чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| 2111 | Эмгек акысы | 290,0 | 266,7 | 266,8 |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөрү | 31,7 | 28,4 | 28,3 |
| 2828 | Өнүктүрүү фондунун ар кандай чыгымдары | 0,4 | 0,2 | 0,2 |
| | **Бардыгы:** | **322,1** | **295,3** | **295,3** |

Ошондой эле борбордук аппараттын Өнүктүрүү фондунун 2023-жылга карата чыгымдары төмөнкүдөй:

(млн. сом)

| Берене | Аталышы | 2023-жылга бюджет | Кассалык чыгымдар | Накталай чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| 2111 | Эмгек акы | 51,8 | 51,4 | 51,4 |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөрү | 6,4 | 6,4 | 6,4 |
| 2828 | Өнүктүрүү фондунун ар кандай чыгымдары | 0,4 | 0,2 | 0,2 |
| | **Бардыгы:** | **58,6** | **58,0** | **58,0** |

Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен зайым фонду түзүлгөн.

2023-жылдын 1-январына карата зайым фондунун алыш-бериш эсебинде 10,1 млн.сом суммасындагы акча каражаты бар.

Социалдык фонддун балансы боюнча 2023-жылдын 31-декабрына кызматкерлерге 44,1 млн. сом суммасында берилген займдар түрүндөгү активдер.

«Айыл Банк» коммерциялык банкында Социалдык фонд тарабынан зайым фонду үчүн банктык эсеп ачылган, ал жерден жыл сайын зайымдар төлөнөт жана Социалдык фонддун кызматкерлерине кайра зайымдар берилет.

Социалдык фонддун буйруктарына ылайык 2023-жылга турак жай сатып алуу, турак жайдын шарттарын жакшыртуу ж.б. үчүн зайым фондунан жалпы суммасы 3,0 млн. сом каражат берилген.

Социалдык фонддун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетуна ылайык бекитилген бюджет 322,1 млн. сом сумманы түздү, кассалык чыгымдар 295,3 млн. сомду түздү, анык чыгымдар 295,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинде Социалдык фонддун борбордук аппаратынын чыгымдары планда 58,6 млн.сом, кассалык жана анык чыгымдар 58,1 млн. сом.

*№ 15 Тиркеме*

## Пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү 2022-2023-жылдарга

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча орточо пенсиянын өсүшү 2022-жылга салыштырмалуу 1411 сомду түзгөн, пенсиянын өсүү темпи 118,1%га жогорулаган, пенсионердин жашоо минимуму 421,3 сомго жогорулаган.

Орточо пенсиянын эмгек акыга болгон катышы 1,6 пайыздык пунктка, төмөндөтүлдү, орточо эмгек акы 6 718 сомго өсүшү менен жана пенсионердин жашоо минимумуна карата орточо пенсия 14,0 пайыздык пункта көбөйтүлдү, мында таблицада маалыматтар менен төмөнкүдөй мүнөздөлөт:

(млн сом)

| Көрсөткүчтөр / Аталышы | 2022-жыл | 2023-жыл | 2022-жылга карата +/- |
|---|---|---|---|
| Компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен орточо пенсия (сом) | 7 777 | 9 188 | + 1 411 |
| Орточо пенсиянын өсүү темпи (%) | 126,4 | 118,1 | -8,3 |
| Орточо эмгек акы (сом) | 26 540 | 33 258 | + 6 718 |
| Орточо эмгек акынын өсүү темпи (%) | 137,3 | 125,3 | -12,0 |
| Орточо пенсиянын эмгек акыга катышы (%) | 29,2 | 27,6 | - 1,6 |
| Пенсионердин жашоо минимуму (ПЖМ) (сом) | 6 395,2 | 6 816,5 | + 421,3 |
| ПЖМ нын өсүү темпи (%) | 114,6 | 106,6 | -8,0 |
| Орточо пенсиянын ПЖМ га катышы (%) | 121,7 | 134,8 | +14,0 |
| Өткөн жылга карата керектөө бааларынын индекси (в %) | 113,9 | 110,8 | -3,1 |

Мамлекеттик статистикалык отчеттуулуктун маалыматтарына ылайык 94-СОЦ категориялар боюнча пенсионерлердин саны жана чектелген пенсиялардын орточо өлчөмү төмөнкүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

| **Пенсионерлердин категориялары** | **Саны (адам)** | | | **Пенсиянын орточо өлчөмү (сом)** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 01.01.2023-жылга | 31.12.2023-жылга | +/- | 01.01.2023-жылга | 01.01.2024-жылга | +/- |
| **Пенсионерлердин саны** | **743 727** | **769 639** | **25 912** | **7 782** | **9 190** | **1 408** |
| 1. Курагы боюнча | 579 115 | 604 136 | 25 021 | 8 034 | 9 500 | 1 466 |
| *1.1. жеңилдетилген шарттарда* | *62 337* | *61050* | *-1287* | *5 611* | *6234* | *623* |
| *1.2. сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн* | *1 552* | *1 433* | *-119* | *28 845* | *34 203* | *5 358* |
| 2. Майыптыгы боюнча | 126 684 | 129 038 | 2 354 | 6 672 | 7 997 | 1 325 |
| 3. Баккан адамынан айрылгандыгы боюнча | 36 787 | 35 390 | -1 397 | 7 618 | 8 494 | 876 |
| 4. КРСФ пенсия алган аскер кызматкерлер, пенсионерлер | 1 141 | 1 075 | -66 | 8 710 | 9 754 | 1 044 |

Жыл сайын пенсионерлердин санынын өсүшү байкалат, 2023-жылы 2022-жылга салыштырмалуу пенсионерлердин саны 25 912 адамга көбөйгөн, алардын ичинен пенсионерлердин санынын эң олуттуу өсүшү *курагы боюнча – 25 021 адамды түзүп, жеңилдетилген шарттарда жана сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсия алгандардын саны тескерисинче тиешелүү түрдө 1 287 жана 119 адамга*

*азайган*, майыптыгы боюнча – 2 354 адамга көбөйсө, ал эми баккан адамынан айрылгандыгы боюнча алуучулардын саны 1 397 адамга жана аскер кызматчылары 66 адамга азайган.

2023-жылы пенсиялык төлөмдөрдүн бардык категориялары боюнча өсүш орун алып, пенсиянын орточо өлчөмү 1 408 сомго жогорулаган жана пенсиялар орточо курагы боюнча – 9 500 сом, сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн – 34 203 сом, аскер кызматчылары – 9 754 сомго барабар болгон ж.б.

94-СОЦ формасы боюнча мамлекеттик статистикалык отчетко ылайык чоң өлчөмдөгү (20 000 жана андан жогору) пенсия алуучулардын арасында камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чоң өлчөмдөрү эсептелген пенсионерлер жана персоналдык пенсионерлер бар.

Стажы жетишсиз, майыптыгы боюнча, багуучусунан ажырагандыгы боюнча адамдар, дыйкан жана фермердик чарбалардын кызматкерлери минималдуу өлчөмдөгү пенсия алуучулар болуп саналат, анткени алардын пенсияларынын өлчөмү пенсиялык системанын орточо көрсөткүчтөрүнө таасирин тийгизет.

2023-жылдын 31-декабрына карата катталган 769 639 пенсионердин 688 006 пенсионери электр энергиясы үчүн компенсация алышат же бардык пенсионерлердин 89,4% сандык курамы боюнча кийинки орунда майыптыгы боюнча пенсионерлер турат – 129 038 адам (16,8%), майыптыгы боюнча пенсионерлердин санынын өсүшү жыл ичинде 2 354 адамды түздү, бул бардык пенсияларды жана компенсацияларды төлөөнүн 12,9% түзөт.

2023-жылы жаңы чектелген пенсиялар – 53 188 адам, алардын ичинде: курагы боюнча – 42 615 адам (бардык жаңы чектелгенден 80,1%), майыптыгы боюнча – 7 830 адам(14,7 %), баккан адамынан айрылгандыгы боюнча – 2 738 адам (5,1 %).

*№ 16 Тиркеме*

**ЕАЭБге мүчө мамлекеттеринин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо**

2021-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 20-декабрында кол коюлган ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо жөнүндө Макулдашуу (мындан ары – Макулдашуу) күчүнө кирген, анын негизги максаты ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин эмгекчилеринин пенсиялык укуктарын ишке орноштуруучу мамлекеттин жарандары менен бирдей шарттарда жана тартипте түзүү болуп саналат.Бул ЕАЭБ ар бир мүчө-мамлекети ЕАЭБдин башка мүчө-мамлекеттеринин жарандарына пенсиялык камсыздоо укуктарынын көлөмүн, ушундай шарттарда өз жарандарына берилген укуктардын көлөмүнө барабар кепилдик берет дегенди билдирет.

Ошондой эле, 2020-жылдын 23-декабрындагы № 122 Евразия экономикалык комиссиясынын чечими менен 2019-жылдын 20-декабрында Евразия экономикалык биримдигинин мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу органдарынын, компетенттүү органдарынын жана комиссиянын ортосунда ЕАЭБ эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо жөнүндө макулдашуунун ченемдерин колдонуу боюнча өз ара иштешүүнүн тартиби бекитилген (мындан ары – Тартип).

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынан 2021-жылдын 1-январынан тартып камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө мезгили үчүн 78 жаранга пенсиянын бир бөлүгү (ЖЭ 2) чектелди, алардын ичинде:

- 69 адам - Россия Федерациясынын жарандары;
- 8 адам - Казакстан Республикасынын жарандары;
- 1 адам – Беларус Республикасынын жараны.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын 51 жаранына Россия Федерациясынан пенсиянын бир бөлүгү чектелген, алар жашаган жери боюнча Россия Федерациясы тарабынан КРнын аймагына которулат.

*№ 17 Тиркеме*

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду (МТПФ)**

2023-жылга МТПФ чыгашалары боюнча план 1 383 787,4 мин сом суммасында аныкталган. Анык чыгашалар 2023-жылга 1 136 842,0 мин сомду түзгөн, т.а. такталган пландан салыштырмалуу 246 945,4 мин сомго аз, же 82%ын түзөт, анын ичинде:

- Банктардын кызматын төлөө чыгашалары беренеси (2226) боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 1 400,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 1 820,7 миң сомго аткарылган жана анык чыгымдардын суммасы кассалык чыгымдардын суммасына 420,7 мин сомго ашыкча аткарылган же 130%ын түзөт;
- Пенсияларды жана пособиелерди төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча чыгымдар беренеси (2227) боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 1800,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 1305,6 миң сомго аткарылган жана анык чыгымдардын суммасы кассалык чыгымдардын суммасына 494,4 миң сомго аткарылган эмес;
- Социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпулдар беренеси (2711) боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 1300,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 1090,8 миң сомго аткарылган жана анык чыгымдардын суммасы кассалык чыгымдардын суммасына 209,2 мин сомго аткарылган эмес;
- Башка квалификациялуу эмес чыгымдар беренеси (2821) боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 10,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 4,7 миң сомго аткарылган жана анык чыгымдардын суммасы кассалык чыгымдардын суммасына 5,3 мин сомго аткарылган эмес;
- Пенсиялык топтоо каражаттарын өткөрүп берүү беренеси (2825) боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 30,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 27,3 миң сомго аткарылган жана анык чыгымдардын суммасы кассалык чыгымдардын суммасына 2,7 мин сомго аткарылган эмес;
- Пенсиялык топтомдордун каражаттарын инвестициялоо боюнча чыгымдар беренеси (2826) боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 100,0 миң сомго такталган, бирок аткарылган эмес.

«Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө» № 2 форманын отчетуна ылайык 2023-жыл үчүн административдик-башкаруу чыгымдарынын сметасы 40 487,4 мин сом суммасында бекитилген, кассалык чыгымдар 10 883,9 мин. сомго аткарылган, иш жүзүндөгү анык чыгым 10 873,6 мин сомду түзөт.

*МТПФ каражаттарын инвестициялоо*

2023-жылга МТПФ чыгашалары боюнча план 1 383 787,4 миң сом суммасында аныкталган. Анык чыгашалар 2023-жылга 1 136 842,0 миң сомду түзгөн, т.а. такталган пландан салыштырмалуу 246 945,4 мин сомго аз, же 82%ын түзөт.

2023-жылдын 1-январына карата МТПФнын жайгаштырылган каражаттарынын калдыгы 33 249 154,3 миң сом болсо, 2023-жылы МТПФ каражаттары 13 631 733,9 миң сом акча каражаты инвестицияланган, анын ичинде мамлекеттик баалуу кагаздарга 8 001 142,1 миң сом жана коммерциялык банктардын депозиттерине 5 630 591,8 миң сом.

2024-жылдын 1-январына карата жайгаштырылган каражаттар боюнча калдык 41 891 358,8 миң сомду түздү.

Жалпысынан МТПФга 2023-жылдын 1-январына карата 29 669 217,3 миң сом пенсиялык топтоолор баалуу кагаздарга, 2024-жылдын 1-январына карата 35 640 767,0 миң сом инвестицияланган, же бир жылда баалуу кагаздар портфелинин өсүшү 5 971 549,7 миң сомду түздү.

2023-жылы баалуу кагаздардын тындырылышына жана 2 029 592,4 миң сом суммасында аларды жаңы баалуу кагаздарга реинвестицияланышына, ошондой эле бош акча каражатынын жаңы баалуу кагаздарды сатып алууга багытталышына байланыштуу 5 971 549,7 миң сом, КР Финансы министрлигинин баалуу кагаздарына каражаттарды иш жүзүндө жайгаштыруу 2023-жылы – 8 001 142,1 миң сомду же 2024-жылдын 1-январына карата баалуу кагаздар пакетинин номиналдык наркынын 22,4% түзгөн.

2023-жылы МБКнын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүк өткөн отчеттук жылга салыштырмалуу көбөйүү тенденциясына ээ болгон жана алардын жыйынды орточо салмакталган кирешелүүлүгү жылына 13,52% чейин же 0,72% га көбөйгөн. Мында кирешелүүлүктүн жогорулашы бардык мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча байкалган.

Ошону менен бирге, каражаттар узак мөөнөттүү баалуу кагаздарга эң көп инвестицияланган, атап айтканда МКО-7 пакетине 3 172 533,0 миң сом суммасында, бул 2024-жылдын 1-январына карата алардын наркынын 45,5%, ал эми МКО-10 пакети 3 533 463,0 миң сом суммасында же МБК портфелинин 36,8% ын түзөт.

*МТПФдан төлөмдөрдү каржылоо*

2023-жылга төлөнүп берилген акча каражатынын жалпы суммасы 1 090 844,7 миң сомду түзөт, алуучулардын жалпы саны - 17 081.